КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН
БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ БОО-ТЕРЕКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2023-жыл 9-октябрь №2** **Боо-Терек айылы**

**Боо-Терек айылдык аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын бюджетинде каралбаган айыл чарба жерлерине тиешелүү жерлерге мүлк салыгы үчүн келип түшкөн акча каражатын бөлүштүрүү жөнүндө.**

Боо-Терек айылдык аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын бюджетинде каралбаган айыл чарба жерлерине тиешелүү жерлерге мүлк салыгы үчүн келип түшкөн 592300 сом (беш жүз токсон эки миң үч жүз) сом акча каражатын бөлүштүрүү жөнүндөгү, айылдык Кеңештин депутаттарынын "Бюджет, экономика муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыштар" боюнча туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 6-октябрындагы №4 протоколдук чечимин карап чыгып, талкуулап Боо-Терек айылдык Кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттардын XXX сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Турак-жай жана коммуналдык бөлүмүнүн 2215 (дагы башка көрсөтүүнү алуу) беренесине 300000 (үч жүз миң) сом акча каражаты кум-шагыл төгүү чыгымдарына бөлүнүп берилсин.

2. Аппарат бөлүмүнүн 2214 (транспорттук кызмат көрсөтүүлөр) беренесине 21000 (жыйырма бир миң) сом акча каражаты кызматтык унааны ремонттоого бөлүнүп берилсин.

3. Турак-жай жана коммуналдык бөлүмүнүн 2215 (дагы башка көрсөтүүнү алуу) беренесине 102000 (бир жүз эки миң) сом акча каражаты айыл аймактагы Тараз-Талас-Суусамыр трассасына камера коюуга бөлүнүп берилсин.

4. Турак-жай жана коммуналдык бөлүмүнүн 2215 (дагы башка көрсөтүүнү алуу) беренесине 21250 (жыйырма бир миң эки жүз элүү) сом акча каражаты көчөлөрдүн жарыктандыруусуна таймер алууга бөлүнүп берилсин.

5. Турак-жай жана коммуналдык бөлүмүнүн 2222 (жабдуулар жана материал сатып алуу) беренесине 90000 (токсон миң) сом акча каражаты Сүйүн-Апа атындагы балдар-бакчасына, Н.Молдалиев атындагы балдар-бакчасына жана Б.Сатыбеков атындагы орто мектебине генератор алууга бөлүнүп берилсин.

6. Турак-жай жана коммуналдык бөлүмүнүн 2215 (дагы башка көрсөтүүнү алуу) беренесине 58050 сом (элүү сегиз миң элүү) сом акча каражаты таштанды таштоочу жай үчүн айыл чарба жоготууларынын ордун толтурууга (потеря возмещения за мусорную свалку) бөлүнүп берилсин.

7. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Боо-Терек айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

8. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин депутаттарынын "Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча" туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**